**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык билим берүү программалары колледжинин чет тили бөлүмүнүн отурумунун**

**№3 протоколунан**

**көчүрмө**

**21.10.2025**

**Ош шаары**

**Төрага:** Б.К.Жалиев-бөлүм башчысы

**Катчы:** Б.Ү.Эргешова.

**Катышуучу:** катышуу барагы тиркелет.

**Күн тартиби :**

**4-маселе: 1-курстун студенттеринин билим деңгээлин аныктоо боюнча дигностикалык тестин жыйынтыгын талкуулоо.**

**УГУЛДУ:**
**Бөлүм башчы Б.К.Жалиев:** Буга чейин 2025–2026-окуу жылына кабыл алынган 1-курстун студенттеринин  билим деңгээлин аныктоо максатында диагностикалык тест жүргүзүлгөн. Айрым студенттер грамматика жана сөз байлыгы жагынан кыйынчылыкка туш болуп жатышат. Ошондой эле угуу жана сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча дагы иштерди күчөтүү зарыл. Диагностикалык тестирлөөдөн алынган жыйынтыкка карап төмөнкүдөй чечим чыгарсак болот.

1. A1 деңгээлден төмөн болгон студенттер үчүн ремедиалдык курстарды (кошумча сабактарды) уюштуруу.

2. A2 жана B1 деңгээлдеги студенттер үчүн тереңдетилген же эксперименталдык агымдарды ачуу.

3. Ар бир академиялык кеңешчи үчүн жеке иш пландарын түзүү сунушталат:

-төмөн деңгээлдеги студенттер үчүн – жеке иш планы түзүү;

-жогорку деңгээлдеги студенттер үчүн – долбоордук жана практикалык тапшырмаларды берүү.

4. Ай сайын мониторинг жүргүзүп, студенттердин өнүгүүсүн динамикалуу түрдө байкап туруу.

5. Сабактарда коммуникативдик ыкмаларды колдонуп, тилдик чөйрө түзүүгө өзгөчө көңүл буруу.

6. Студенттерди шыктандыруу максатында мотивациялык иш-чараларды өткөрүү (тилдик викториналар, дебаттар, презентациялар ж.б.).

Scanned with CamScanner

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Ж.Жуманова:** Студенттердин грамматикалык структураны өздөштүрүү жөндөмүн жакшыртуу үчүн системалуу иштерди күчөтүү керек.

**Нематжан к Б:** Студенттердин сөз байлыгын өркүндөтүү үчүн ар бир сабакта жаңы сөздөрдү контекст менен колдонуп үйрөтүү керек.

**Ч.Барпиева:** Туура окуу жана туура айтуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн сабактарда угуу жана сүйлөө көнүгүүлөрүн көбөйтсөк жакшы болот.

Жогоруда айтылган сунуштарды эске алуу менен окутуучулардын отуруму төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2025–2026-окуу жылына кабыл алынган 1-курстун студенттеринин диагностикалык тестинин жыйынтыгы кабыл алынсын.
2. Окутуучуларга төмөнкү багыттар боюнча ишти күчөтүү тапшырылсын:

-Грамматикалык структураны үйрөтүү иштерин системалуу жүргүзүү;

-Сөз байлыгын өркүндөтүү максатында жаңы лексикалык материалдарды үзгүлтүксүз колдонуу;

-Туура окуу жана туура айтуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн угуу жана сүйлөө көнүгүүлөрүн көбөйтүү.

**Төрага:** **Б.К.Жалиев.**

**Катчы:** **Б.Ү.Эргешова.**

Scanned with CamScanner